14/2-тиркеме

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби**

# Тема: Ит менен Аюу

**Классы:** 2-а

**Класс жетекчи:** Б.Нурманбетова

Барскоон 2021

Scanned by TapScanner

**Мугалим:** Батина Нурманбетова

**Дата:** __________

**Класс**:2-а класс.

**Тема:** Ит менен аюу.

**Предмет**: Адабий окуу

| **Негизги компетенттүүлүк** | **Сабактын максаты** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|---|
| **Маалыматтык**<br>А1-Маалыматты иштетүү, чечимди кабыл алуу<br>Д1-кабыл алган маалыматтар<br><br>**Социалдык-коммуникативдик**<br>А3-милдетти жүзөөгө ашыруу<br>Д2-өз ара иштеп кетүүсү<br><br>**Өзүн-өзү уюштуруу**<br>А6-рефлексия | -Окуучулар «Ит менен аюу» жомогун окуп, мазмунун түшүнүшөт<br><br>-окуучулардын кабыл алуусу, түшүнүүсү, айтып берүүсү өсөт<br><br>-Бири-бирин угуп, кезек менен сүйлөгөнгө, бирөөнүн оюн бузбаганга калыптанышат. Жомок аркылуу жан-жаныбарларга<br>аяр мамиле жасап, жаратылышты коргоого багыт берүү | -окуучулар жомокту окуп, мазмунун түшүнө алышса, өз сөзү менен айтып бере алса<br><br>-өз ой пикирин билдире алышса, каармандарга мүнөздөмө бере алса<br>-окуучулар башкалардын жооп бергенин угушса |

**Күтүлүүчү натыйжа**:

- Чыгарманын мазмунун түшүнөт.
- Чыгарманы өз сөзү менен айтып бере алышат.
- Каармандарга мүнөздөмө бере алышат.
- Өз ойлорун чыгармадан мисал келтирүү менен далилдей алышат
- Токой жаныбары үй жаныбарлан айырмалай алышат

**Сабактын жабдылышы**:

- Ватман, маркер, темага карата таркатылып берилүүчү тексттер, түстүү сүрөттөр, карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убакыт | Мугалимдин иш аракети | Окуучулардын иш аракети | Комментарийлер |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу | 2 мин | -Жагымдуу маанай каалоо.<br>-Окуучулардын санын тактоо, -класстын тазалыгын кароо<br>-Алтын эрежени сактоо | Окуучулар бири-бирине каалоо айтышат ,сабакка даярдануу. | Доскага түстүү сүрөттөрдү илем. |
| Окуучулардын билимдерин актуалдаштыруу | 8 минута | «Сыр сандыкча» деген оюн аркылуу өтүлгөн теманы кайталоо. Кана эмесе балдар «Сыр сандыкчадагы» суроолорго так жана туура жооп бериш керек. | 1.Кыш мезгили силерге жагабы? Эмне үчүн? | -Ооба кыш мезгилик кебез сымал аппак болуп көзгө ажайып бир кооз көрүнөт. |
| | | Карточканын жообун талкуулайбыз | 2.Кыш мезгилинде силер кандай оюндарды ойнойсуңар? Кара күчүк мышыктар аппак болуп калыптыр дегенге ишенсе болобу? | Доскадагы түстүү сүрөттөр аркылуу аңгемелешүү. |

Scanned by TapScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 3.Кыш мезгилинде улуулар кандай иштер менен алек болушат?<br>Окуучулар берген суроо менен өтүлгөн теманы кайталашат. | |
| Эс алдыруу | 1 минута | Биз жасадык кардан киши, бою бийик балбан киши, колдо таяк, башта чака айланабыз бака шака. | Окуучулар мугалим менен чогу кайталайт. | |
| Жаңы материалды түшүндүрүү | 18 минута | Окуучуларга жаңы сабактын темасын атап максаты менен тааныштырам. «Ит менен аюу» деген сабактын темасын укканда оюңарга эмне келди? | | |
| | | «Ит менен аюу» деген жомокту окуучуларга окуп берем.<br>Мазмунун түшүндүрөм,<br>Чынжырча түрүндө окутуу.<br>Сүрөт боюнча аңгемелешүү:<br>Аюу чээнге эмне үчүн кирди?<br>Мугалим көзөмөлдөйт.<br>Түшүнүксүз сөздөргө жардам берет.<br>Жаңыртып окуу. | Окуучулар китептен көз жүгүртүп карап турушат. Илинген сүрөттөргө карата өз ойлорун айтышат.<br>Окуучулар биринин артынан бири окушат.<br>Бири-бириникин окушат. Катасын оңдошот.<br>Окуучулар эки колу менен кулагын жаап үн чыгарып окушат. | Доскага аюу менен күчүктөрдүн сүрөттөрү илинет . |
| | | Сөздүк жумуш: тааныш эмес сөздөрдү доскага жазып, маанисин түшүндүрүү. | Окуучулар тексттен тааныш эмес сөздөрдү табышат.<br>-Чээн-үңкүр,<br>-Обу жок тамашаңды-орунсуз тамашаңды.<br>Дептерлерге жазышат, маанисин түшүнүшөт. | Доскага жазып берем. |
| | | Сабакка жетишүүсү начар окуучулар менен мугалим жекече иштейт. | Табышмактын жандырмагын айтышат | |
| | | «Кыз куумай » оюнун ойношот. Эки окуучу доскага чыгып макал лакаптарды айтышат. Кимиси көп макал айтса ошонусу жеңет. | «Ичи тарды ит кабат»<br>«Жакшы жолдош-жайнаган дөөлөт,<br>Жаман жолдош-кыйнаган мээнет», | |
| Бышыктоо (мугалимдин контролу астында жана өз алдынча аткарылуучу көнүгүүлөр | 10 минута | Мугалим бышыкто иретинде суролорду берет.<br>1.Кышта аюу кантип кыштайт экен?<br>2.Эмне үчүн ит аюу менен кыштабай кетип калды?<br>3.Кышында үй жана жапайы айбандар менен канаттуулардын жашоосу кандай болот?<br>4.Силер аларга кандай мамиле кыласыңар?<br>5.Аюу чээнден кайсы маалда чыгат? | Окуучулар мугалим тарабынан берилген суроого так, туура, далилдүү жооп беришти. | Балаты, аяз ата, аяз кыз карточкаларды көтөрүшөт. |
| Жыйынтыктоо | 2 минута | Үй жаныбары менен токой жаныбарына класстер түзүшөт. | 1-Токой жаныбары<br>2-Үй жаныбары | |

Scanned by TapScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Билимин баалоо | 2 минута | Окуучулардын чогулткан упайларын чогултуу. Саноо, баалоо. | Лидердин баалоосу. Мугалимдин баалоосу. | |
| Үйгө тапшырма берүү | 2 минута | 1.Жомокту окуп мазмунун айтып бергиле, элестөө аркылуу сүрөт тартып келүү | Аюу менен күчүктүн сүрөтүн тартып келүү. | |

**Мугалимдин өздүк анализи**

| № | Сабактын мазмуну жана түзүлүшү. | Комментарийлер |
|---|---|---|
| 1. | Сабакты этаптарга бөлүлө, сабактын элементтерине баа бергиле, алар үзгүлтүксүз жана толук болдубу? Белгиленген сабактын планы аткарылдыбы? Канчалык деңгээлде? Канчалык сапатта аткарылды? Сабактын планынан четтөө болдубу? Окуучулар берилген материалдарды өздөштүрдүбү? | Сабак уюштурулду. Сабак пландаштырылгандай аткарылды. Окуучулар берилген материалдарды өздөштүрдү. Белгиленген убакытта сабак максатына жетти. Сабак үзгүлтүккө учураган жок. |
| 2 | Башталгыч класстардын окуучуларынын алдына кандай маселелер коюлду, алар окуучулардын көңүлүн өзүнө тарта алдыбы? Сабакта мугалимдин, окуучулардын иш аракети кандай уюштурулган? | Окуучулар теманын мазмунун түшүнүштү. Мугалимдин окуучунун иш аракети талапка ылайыктуу уюштурулду. Окуучу активдүү катышты. |
| 3 | Сабактын элементтеринин кайсынысы ийгиликтүү болду? Окуучуларды сабактын жүрүшүндө мугалим кызыктыра алдыбы? Кантип, эмне менен кызыктырды ? Сабактагы колдонулган материалдардын жаңычылдыгы, сабакты түшүндүрүүдө башкача ыкмалар колдонулдубу? Сабакта кандай ачылыштар орун алды? | Сабакта окуучулар «Сыр сандык» ачышты. Окуучулар өз алдынча иштешти «Кыз куумай» оюну эң жакшы уюштурулган. Сабакты түшүндүрүүдө жаңы ыкмалардын түрлөрү колдонулду. |
| 4 | Ким интенсивдүү бат иштеди, мугалимби же окуучубу? Сабак учурунда жигердүү катышкан окуучу болдубу? Демилге көтөргөн окуучулар болдубу? Сабактын мазмунун жана усулдук иштерин жакшыртууда кандай өзгөртүүлөрдү киргизет элеңиз? | Сабакта окуучулар интенсивдүү иштешти. Сабакта жооп бербей калган окуучу болгон жок. Баардык окуучулар жандуу катышышты. Сабактын усулдук иштерин жакшыртуу үчүн мугалим тынбай изденүү керек. |
| 5 | Сабак учурундагы окуучулар үчүн түзүлгөн шартка баа бериңиз. Жаңы материалды өздөштүрүү окуучуларга кыйын болдубу? Сабакта окуучулар өзүн кандай алып отурушту? | Сабак учурунда окуучулар балатыны коздогонго аракет кылышты. Ит менен аюну салыштыра алышты , айырмачылыгын айырмалай алышты. Окуучулар өздөрүн эркин алып сабакка активдүү катышты. |
| 6 | Сабактагы абал жалпысынан кандай болду? Эмнелер аткарылбай калды? Эмнелерди оңдоп, түзөө зарыл аларды кантип аткаруу керек? | Сабак жалпысынан жакшы болду. Убакыт туура пайдаланылды. Сабак максатына жетти. |

Scanned by TapScanner




Scanned by TapScanner